DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2023

*Жамгырчиев Э.Э.*

## ЖАСАЛМА АКЧА ЖАСОО МЕНЕН КҮРӨШҮҮДӨ УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮ

*Жамгырчиев Э.Э.*

## ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ ПРАВООХРАНИТЕЛЬНЫХ ОРГАНОВ В БОРЬБЕ С ФАЛЬШИВОМОНЕТНИЧЕСТВОМ

*E. Zhamgyrchiev*

## INTERACTION WITH LAW ENFORCEMENT AGENCIES IN THE FIGHT AGAINST COUNTERFEITING

*УДК: 343.378*

*Бул макалада жасалма акча жасоонун алдын алуу, бөгөт коюу жана ага каршы күрөшүү үчүн укук коргоо органдарынын эффективдүү кызматташуусу маанилүү экени айтылат. Бул өз ара аракеттенүүгө артыкчылык берилиши керек жана бул чөйрөдө эффективдүү натыйжаларга жетишүүнүн эң жакшы инструменттеринин бири катары каралууга тийиш. Белгиленгендей, мамлекеттик органдарынын ортосунда системалуу өз ара аракеттенүүнүн жоктугу жасалма акча жасоонун абалына мониторинг жүргүзүү, кырдаалды биргелешип талдоо жана кылмыштуулуктун бул түрүнө каршы күрөшүү боюнча макулдашылган пландарды жана чараларды иштеп чыгууну мүмкүн эмес кылат. Бул да көрүлгөн чаралардын натыйжалуулугун баалоону жана болуп жаткан окуялардын динамикасын көзөмөлдөөнү кыйындатат. Жасалма акчага каршы күрөштү ийгиликтүү жүргүзүү үчүн түрдүү укук коргоо органдарынын ортосунда кызматташуунун, маалымат жана тажрыйба алмашуунун так механизмдерин түзүү зарыл экендиги айтылууда. Ошондой эле мониторинг жана талдоо системасын иштеп чыгуу маанилүү, ал акчаны жасалмалоо актыларын натыйжалуу алдын алууга жана ага бөгөт коюуга кыйла мүмкүндүк берет. Мындай системалуу мамиле жасалма акча жасоо менен күрөшүүнүн кыйла ишенимдүү системасын түзүүгө жана кылмыштын бул түрүнүн абалынын жана динамикасынын так жана объективдүү көрсөткүчтөрүн берүүгө жардам берет.*

***Негизги сөздөр:*** *кылмыштуулук, экономикалык кылмыштуулук, жасалма акча жасоо, укук коргоо органдары, коомдук коопсуздук, эффективдүү кызматташуу, маалымат алмашуу, тажрыйба алмашуу.*

*В данной статье говорится, что эффективное взаимодействие между правоохранительными органами играет решающую роль в предотвращении, пресечении и борьбе с фальшивомонетничеством. Это взаимодействие должно приобретать приоритетное значение и рассматриваться как один из наилучших инструментов для достижения эффективных результатов в этой области. Отмечается, что отсутствие системного взаимодействия между органами лишает возможности проведение мониторинга состояния фальшивомонетничества, совместного анализа ситуации и разработки согласованных планов и мероприятий для борьбы с этим видом преступности. Это также затрудняет оценку эффективности предпринимаемых мер и отслеживание динамики происходящих событий. Говорится, что для более успешной борьбы с фальшивомонетничеством необходимо установить четкие механизмы сотрудничества, обмена информацией и опытом между разными правоохранительными органами. Также важно разработать систему мониторинга и анализа, которая позволит более эффективно предупреждать и пресекать акты подделки денег. Этот системный подход поможет создать более надежную систему борьбы с фальшивомонетничеством и обеспечит более точные и объективные показатели состояния и динамики этого вида преступлений.*

***Ключевые слова**: преступность, экономические преступления, фальшивомонетничество, правоохранительные органы, общественная безопасность, эффективное сотрудничество, обмен информацией, обмен опытом.*

*This article states that effective cooperation between law enforcement agencies is critical to preventing, suppressing and combating counterfeiting. This interaction should be given priority and considered as one of the best tools for achieving effective results in this area. It is noted that the lack of systematic interaction between authorities makes it impossible to monitor the state of counterfeiting, jointly analyze the situation and develop coordinated plans and measures to combat this type of crime. This also makes it difficult to assess the effectiveness of measures taken and track the dynamics of ongoing events. It is said that for a more successful fight against counterfeiting, it is necessary to establish clear mechanisms of cooperation, exchange of information and experience between different law enforcement agencies. It is also important to develop a monitoring and analysis system that will more effectively prevent and suppress acts of counterfeiting. This systematic approach will help create a more reliable system to combat counterfeiting and provide more accurate and objective indicators of the status and dynamics of this type of crime.*

***Key words:*** *crime, economic crimes, counterfeiting, law enforcement agencies, public security, effective cooperation, information exchange, exchange of experience.*

Укук коргоо органдарынын ортосундагы натыйжалуу өз ара аракеттенүү жасалма акча жасоону алдын алууда жана ага бөгөт коюуда өзгөчө роль ойной тургандыгын белгилеп кетүү зарыл. Биргелешкен аракеттерди уюштуруу жана бул маселеге артыкчылык берүү жасалма акча жасоого каршы ийгиликтүү күрөшүүнүн өзөктүү фактору болуп саналат.

Жүргүзүлгөн изилдөө көрсөткөндөй, сурамжылоого катышкан укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин 91%ы жасалма акча жасоого каршы күрөшүү боюнча ведомстволор аралык биргелешкен иш-чаралардын маанилүүлүгүн жана натыйжалуулугун белгилешкен. Мында, жасалма акча жасоону алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча иш-чаралар практикада кандайча жүргүзүлүп жаткандыгы жөнүндө суроого респонденттердин жооптору ар башка болгон. Алсак, сурамжылоого катышкандардын 36%-ы мындай иш-чаралар негизинен чар-жайыт өткөрүлөт деп жооп беришкен; респонденттердин 39%ы

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



мындай иштер боюнча укук коргоо органдарынын биргелешкен иш-чаралары ырааттуу жүргүзүлбөйт деп жооп беришкен; респонденттердин 25%ы биргелешкен иш-чараларда системалуу мамиленин жоктугун билдиришкен; алардын ичинен 15%ы биргелешкен иш-чаралар жасалган жосундарга реакция катары өткөрүлүп жатканын белгилешкен; респонденттердин 41%ы жасалма акча жасоону алдын алуу боюнча биргелешкен чаралардын жетишсиздигин белгилешкен; сурамжылоого катышкандардын 33%ы акча белгилерин жасалмалоону алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча укук коргоо органдарынын иш-аракеттерин макулдашуу зарылдыгын көрсөтүшкөн.

Укук коргоо органдарынын ортосундагы натыйжалуу өз ара аракеттенүү жасалма акча жасоонун алдын алууда, бөгөт коюуда жана ага каршы күрөшүүдө чечүүчү ролду ойной тургандыгын практика чындыгында тастыктайт. Бул өз ара аракеттенүүгө артыкчылык берилиши керек жана бул жаатта натыйжалуу ийгиликтерге жетүү үчүн мыкты куралдардын бири катары каралышы керек. Бизге белгилүү болгондой, азыркы учурда жасалма акча жасоо менен күрөшүүдө ар кандай укук коргоо органдарынын ортосунда координация жана маалымат алмашуу тутуму жок, ал эпизоддук түрдө гана жүргүзүлөт. Бул аракеттер кылмыштарды алдын алууга жана системалуу түрдө бөгөт коюуга эмес, мурда жасалган кылмыштарга чара көрүүгө багытталгандыгына алып келет.

Мамлекеттик органдардын ортосундагы системалуу өз ара аракеттенүүнүн жоктугу жасалма акча жасоонун абалына мониторинг жүргүзүү, кырдаалды биргелешип талдоо жана кылмыштуулуктун бул түрүнө каршы күрөшүү үчүн макулдашылган пландарды жана иш-чараларды иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Ошондой эле, бул көрүлгөн чаралардын натыйжалуулугун баалоону жана болуп жаткан окуялардын динамикасын көзөмөлдөөнү кыйындатат. Укук коргоо органдары обочолонуп иштегенде, алар баалуу маалыматтарды жана жасалма акча жасоону аныктоо жана ага бөгөт коюу үчүн пайдаланылбаган мүмкүнчүлүктөрдү өткөрүп жибериши мүмкүн. Биргелешкен күч аракеттер кылмыштуу схемаларга толук жана натыйжалуу жетүүгө мүмкүндүк берет. Ошондуктан, ар кандай укук коргоо органдарынын арасында жасалма акча жасоону алдын алууга жана ага бөгөт коюуга багытталган, өздөрүнүн максаттуу багыты бар, биргелешкен атайын операцияларды жана ыкчам-алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүнү күчөтүү маанилүү.

Системалык өз ара аракеттенүү болбосо, жасалма акча жасоо жөнүндө комплекстүү маалыматтарды чогултуу жана талдоо мүмкүнчүлүгү жок болот. Бул кылмыштардын абалын жана динамикасын баалоого, ошондой эле аларга бөгөт коюу стратегиясын иштеп чыгууга тоскоолдук жаратат.

Жасалма акча жасоого каршы ийгиликтүү күрөшүү үчүн ар кандай укук коргоо органдарынын ортосунда кызматташуунун, маалымат жана тажрыйба алмашуунун так механизмдерин түзүү зарыл. Ошондой эле мониторинг жана талдоо системасын иштеп чыгуу маанилүү, ал акчаны жасалмалоо актыларын натыйжалуу алдын алууга жана ага бөгөт коюуга кыйла мүмкүндүк берет. Бул системалуу мамиле жасалма акча жасоого каршы күрөшүүнүн ишенимдүү системасын түзүүгө жардам берет жана кылмыштын бул түрүнүн абалы жана динамикасы боюнча так жана объективдүү көсөткүчтөрдү камсыз кылат.

Биргелешкен жумушчу жолугушуулар, кеңешмелер жана иш-аракеттердин биргелешкен пландарын иштеп чыгуу ар кандай органдардын ортосунда күч-аракеттерди координациялоого жана тажрыйба алмашууга өбөлгө түзөт. Бул жасалма акча жасоого каршы күрөштө бирдиктүү фронтту түзүүгө көмөк көрсөтөт.

Жасалма акча жасоого каршы күрөштү чыңдоо үчүн укук коргоо органдарынын ортосунда системалуу кызматташуу механизмдерин түзүү, ошондой эле кылмыштуулуктун бул түрүн алдын алуу жана ага бөгөт коюуну камтыган пландарды жана стратегияларды иштеп чыгуу зарыл.

Уюштуруу-укуктук жактан камсыз кылуунун өзгөчө багыты болуп укук коргоо органдарынын кызматкерлерин окутуу жана даярдоо боюнча чаралар эсептелет, бул багыт алар жасалма акча жасоого каршы күрөштү натыйжалуу жүзөгө ашырууга мүмкүндүк аларына шарт тузүшү керек. Укуктук ченемдерди жана чектөөлөрдү билүү укук коргоо органдары үчүн маанилүү аспект болуп саналат. Укук коргоо ишмердиги өзүнүн табияты боюнча, мыйзамдарды жана ченемдерди так сактоону, ошондой эле жарандардын укуктарын сактоонун жол-жоболорун билдирет.

Укуктук аспектилерди билүү тажрыйба жана атайын окутуу менен коштолот. Укук коргоо органдарынын кызматкерлери өздөрүнүн ишмердигин жөнгө салуучу мыйзамдарды, эрежелерди жана жол-жоболорду үйрөнүүнү камтыган атайын окуудан өтүүгө милдеттүү. Бул окутуулар аларга мыйзамдарды туура колдонууга жана тергөө жана ыкчам иш-чаралардын жүрүшүндө жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын камсыз кылууга жардам берет.

Укуктук аспектилерди билүү мыйзамдарды чечмелөө, аларга ылайык чечим кабыл алуу жана юридикалык процедуралардын чегинде иштөө жөндөмүн да өзүнө камтыйт. Ошондуктан, алар укук коргоо органдарынын ишинин жана кесиптик даярдыгынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана алар өз ишмердигинде адилеттүүлүктү жана мыйзамдуулукту кам-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



сыз кылуу үчүн ар дайым мыйзамдарды жана эрежелерди сактоого умтулушу керек.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кесиптик билимине карата бир нече жалпы талаптар:

1. Укуктук терминология, укуктук принциптер, мыйзамдардын түзүмү жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери ар дайым туш болгон укуктук ченемдер жаатындагы билими алардын милдеттерин ийгиликтүү аткаруу жана иш-аракеттерде мыйзамдуулукту камсыз кылуу үчүн негиз болуп саналат, укук коргоо органдарынын кызматкерлерине мыйзамдарды туура чечмелөөгө жана колдонууга жардам берет [1]. Бул негизги юридикалык терминдерди, түшүнүктөрдү жана аныктамаларды түшүнүүнү өзүнө камтыйт. Тергөө жана куугунтуктоо процессинде мыйзамдуулукту камсыз кылуу үчүн зарыл болгон күнөөсүздүк презумпциясы, адилеттүү соттук териштирүү, адамдын жана жарандын укуктары сыяктуу негизги укуктук принциптерди билүү.

2. Укук коргоо органдарынын кызматкерлери өз өлкөсүндөгү мыйзамдардын түзүлүшүн жана уюштурулушун, ошондой эле алардын ишмердик чөйрөсүнө байланыштуу эл аралык укуктук ченемдерди билиши керек. Буга мыйзамдардын, кодекстердин, ченемдик укуктук актылардын структурасы жана алардын иерархиясы жөнүндө билүүнү өзүнө камтыйт. Укук коргоо органдарынын кызматкерлери, адистигине жана жоопкерчилик чөйрөсүнө жараша, өз ишинде көп кездешкен мыйзамдарды жана ченемдерди терең түшүнүп, билиши зарыл.

3. Юридика илиминдеги кийинки жетишкендиктер жөнүндө билим укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кесиптик өсүшүнүн жана өркүндөтүлүшүнүн маанилүү компоненти болуп саналат. Юридика илими дайыма өнүгүп келе жатат жана акыркы тенденциялар жана өзгөрүүлөр жөнүндө билүү укук коргоо органдарынын кызматкерлерине мыйзамдардагы жана укук коргоо практикасындагы жаңы өзгөрүүлөрдөн кабардар болууга мүмкүндүк берет. Юридика илиминдеги акыркы жетишкендиктер жөнүндө актуалдуу билимге ээ болуу укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кесиптик өсүшүнө жана алардын квалификациясын жогорулатууга өбөлгө болот.

4. Мыйзам ченемдерин колдонууда жана турмуштук кырдаалдардан юридикалык маанилүү белгилерди бөлүп көрсөтүүдө жакшы практикалык көндүмдөр укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин ийгиликтүү иши үчүн негизги болуп саналат. Кызматкерлер татаал кырдаалдарды талдап, андагы юридикалык мааниге ээ факторлорду аныктай алышы керек. Мыйзамдарды туура чечмелөө жана кырдаалга кандай ченемдер колдонуларын аныктоо жөндөмү өзгөчө маанилүү болуп саналат. Бул ар кандай юридикалык терминдерди жана түшүнүктөрдү түшүнүнү өзүнө камтыйт. Кызматкерлер айкын кырдаалга кандай мыйзамдар жана эрежелер колдонуларын жана аларды колдонуудан кандай кесепеттер келип чыгышы мүмкүн экендигин билүүгө тийиш. Алар ошондой эле соттун мурунку чечимдерин жана юридикалык практиканы эске алышы керек. Кызматкерлер жарандардын укуктарын жана укук коргоо органдарынын иш-аракеттеринин мыйзамдуулугун камсыз кылуу үчүн мыйзамдарды колдонууга байланыштуу эрежелерди жана жол-жоболорду билиши жана сакташы зарыл.

5. Юридикалык чөйрө ар дайым өзгөрүп турат жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери үзгүлтүксүз билим алуу жана кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу аркылуу билимин жана көндүмдөрүн жогорку деңгээлде сакташы керек. Бул талаптар «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-болугүнүн 8-пунктунан келип чыгат [2].

Ошентип, мыйзамдык ченемдерди колдонууда жакшы практикалык көндүмдөр укук коргоо органдарынын кызматкерлерине өз милдеттерин натыйжалуу жана адилеттүү аткарууга жана коомдогу мыйзамдуулукту жана тартипти камсыз кылууга жардам берет. Жасалма акча жасоого каршы күрөшүүнүн уюштуруу-укуктук чараларын жакшыртуу үчүн укук коргоо органдарынын тергөө жана ыкчам бөлүктөрүнүн мындай кылмыштуу жосундарды алдын алууга жана алардын бетин ачууга багытталган зарыл чараларды көрүүгө ыйгарым укуктуу кызматкерлерине жогорку сапаттагы адистештирилген даярдыкты камсыз кылууга өзгөчө көңүл буруу керек.

Укук коргоо органдарында кызматтык даярдык боюнча жумалык сабактарды уюштуруу укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кесиптик билимин жогорулатууга өбөлгө түзөт, бул алардын кесиптик компетенттүүлүгүн жана иштеги натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзүүчү маанилүү процесс болуп саналат. Негизги окутуудан, кошумча окутуудан, күжүрмөн кызматтык даярдыктан турган кесиптик даярдоонун колдонуудагы системасы коомдук турмуштагы өзгөрүүлөргө ийкемдүү чара көрүүгө тийиш [3].

Укук коргоо ишмердигине багытталган изилдөөлөр, адатта, укуктук маданияттын деңгээли укук коргоо органдарынын ишинин натыйжалуулугуна жана коомдун жалпы коопсуздугуна кандай таасир этерин изилдейт. Жарандар арасында жогорку укуктук маданиятты калыптандырууга натыйжалуу көмөктөшүү кылмыштуулук менен күрөшүүдө жана мыйзам тартибин сактоодо маанилүү курал боло алат [4].

Укук коргоо ишмердигинде укуктук маданият маанилүү ролду ойнойт. Коомдогу укуктук маданияттын жогорку деңгээли жарандардын мыйзамдарды көбүрөөк сактоосуна өбөлгө түзүп бере алат. Бул

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



кылмыштуулуктун деңгээлин азайтып, укук коргоо органдарынын ишин жеңилдетиши мүмкүн.

Укук коргоо органдары жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо, мыйзамдарды жана эрежелерди бузууга жол бербөө, ошондой эле бардык кырдаалдарда бейтараптуулукту жана калыстыкты сактоо менен эле катар, кесиптик этиканын жогорку стандарттарын да сактоого тийиш. Укуктук маданият укук коргоо ишмердигиндеги этикалык ченемдерди сактоого өбөлгө түзүшү мүмкүн, бул коомдун укук коргоочуларга болгон ишенимин сактоо үчүн маанилүү. Мында жарандар кылмыштуулук менен күрөшүүдө милиция жана башка укук коргоо органдары менен кызматташууга көбүрөөк даяр болушат.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кесипкөйлүгүнүн төмөндөшү жана алар тараптан этикалык нормалардын сакталбашы коомго жана тартип сакчылыгына олуттуу терс таасирин тийгизиши ыктымал. Мындай көйгөйлөргө бөгөт коюу жана аны чечүү үчүн тиешелүү чараларды көрүү маанилүү [5].

Мындай тартип бузууларга жол бербөө максатында төмөнкүлөр зарыл:

- укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн жүрүм-турумдун так этикалык стандарттарын белгилөө, ошондой эле аларды сактоо боюнча чараларды күчөтүү;
- Кесиптик этика кодексинин жоболорун сактабагандык үчүн жоопкерчиликти күчөтүү [6];
- мыйзамдарды жана жарандардын укуктарын сактоонун маанилүүлүгүн баса белгилөө менен коом үчүн билим берүү кампанияларын жүргүзүү;
- укук коргоо органдары тарабынан укуктар бузулган же татыксыз жүрүм-турум болгон учурда жарандар тарабынан кайрылуулар жана даттануулар үчүн механизмдерди камсыз кылуу. Жарандардын кайрылууларын жана даттанууларын эсепке алуу этикалык ченемдерди бузуу учурларын аныктоого жана бузуучуларга карата чара көрүүгө жардам берет.
- укук коргоо органдарынын ишинде катуу ички көзөмөлдү жана ачыктыкты камсыз кылуу этикага жат жүрүм-турум ыктымалдыгын азайтышы мүмкүн.

Ошентип, укук коргоо органдарынын ортосундагы натыйжалуу өз ара аракеттенүү жасалма акча жасоону алдын алууда жана ага бөгөт коюуда маанилүү ролду ойнойт. Жасалма акча жасоо коомдун жана экономиканын каржылык туруктуулугуна олуттуу коркунуч туудурат жана ага ийгиликтүү каршы туруу укук коргоо органдарынын ар кандай бөлүмдөрүнүн макулдашылган иш-аракеттерин талап кылат.

**Адабияттар:**


1. Мохрат М.П. Взаимодействие правовых и моральных норм в сфере государственной службы России: дисс. ... канд. юрид. наук: 21.00.01 [Текст] / М.П. Мохрат. – М., 2003. - 107 б.
2. Кыргыз Республикасынын «Укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө Мыйзамы» 2019-жылдын 25-июлу № 102 (2023-жылдын 16-февралында № 31 Мыйзамынын редакциясына ылайык). [Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/111956
3. Система подготовки и обучения милицейских кадров. [Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // https://center.kg/article/249
4. Суворова Л.К. Правовая культура работников органов внутренних дел [Текст] / Л.К. Суворова. – М., 1991. - 35 б.
5. Кыргыз Республикасынын «Укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө Мыйзамы» 2019-жылдын 25-июлу № 102 (2023-жылдын 16-февралында № 31 Мыйзамынын редакциясына ылайык). [Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/111956
6. Приказ МВД Кыргызской Республики №164 от 27 февраля 2009 года «Об утверждении Кодекса профессиональной этики сотрудника органов внутренних дел Кыргызской Республики». [Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // https://mvd.gov.kg/rus/ministry/normative-bases/13
7. Жамгырчиев Э.Э. К вопросу об изготовлении, хранении или сбыте поддельных денег или ценных бумаг (фальшивомонетничестве) и ее предупреждении. / Известия вузов Кыргызстана. 2018. №. 9. С. 58-62.